КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ

ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТТЫК
ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ

ТОКТОГУЛ РАЙОНДУК ИЧКИ
ИШТЕР БӨЛҮМҮ
Токтогул шаары Шарипов көчөсү №23
Тел.: +996 (3747) 5-01-02
Факс: +996 (3747) 5-01-05

МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТИ

ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ТОКТОГУЛЬСКОГО РАЙОНА
город Токтогул улица Шарипов № 23
Тел.: +996 (3747) 5-01-02
Факс: +996 (3747) 5-01-05

_____________________№_______________

_____________________№___________катка

Жалал-Абад ОИИБнын начальниги
милициянын полковниги
**А.Г.Тагаевге**

# А Т А Й Ы Н  Б И Л Д И Р Ү Ү

*(02-046-2022-000264 саны менен катталган материал боюнча)*

2022-жылдын 09-апрель күнү Токтогул РИИБнүн ЭММКАКнын улук ыйгарым уукуктуу опер кызматкери милициянын лейтенанты К.Субанов билдирме менен кайрылып ал өзүнүн билдирмесинде 2022-жылдын 09-апрель күнү саат 16:20 чамасында “Фейсбук” социалдык баракчага “Токтогул” тайпасындагы Мамытова Айгерим аттуу жараан Токтогул районунда “Ата-Журт” партиясынын талапкери шайлоочуларга 1 000 (бир миң) сомдон акча каражаттарын таратып жаткандыгы тууралу билдирген.

К.Субановдун билдирүүсү 2022-жылдын 9-апрель күнү, Токтогул РИИБнүн МЭЖне 02-046-2022-000264 катар саны менен катталган.

Окуя болгон жерге Токтогул РИИБнун тергоо-ыкчам тобу, документештирүү тобу жана жетекчилиги чыгып, окуя болгон жерде жүргөн аттуулдар менен ыкчам иликтоо иштери жүргүзүлүп, Токтогул шаарында “Ата-Журт” партиясынын талапкерлери тарабынан акча каражаттары таратылбагандыгы аныкталды.

Ал эми “Фейсбук” социалдык баракчадагы Мамытова Айгерим аттуу жарандын аккаунту интертен булактарынан маалымат таркатылгандан кийин бир саат убакытан кийин өчүрүлгөн.

Аталган окуя боюнча “Фейсбук” социалдык баракчага “Токтогул” тайпасындагы Мамытова Айгерим аттуу жарандын өздүгүн аныктап тергөөгө камсыз кылуу максатында ыкчам иш аракеттери жүргүзүлүп, ыкчам иш-аракеттердин жыйынтыгында аталган аккаунттан жазылган маалымат чындыкка дал келбегендиги, бул маалымат фейк, башкача айтканда далили жок маалымат экендиги аныкталган.

Ошондуктан жогорудагы факт боюнча Токтогул РИИБнүн Тергөө кызматы тарабынан Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер.1-бөл.2-п. негизинде 2022-жылдын 10-апрель күнү №02-046-2022-000264-01-001-000207 саны менен кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом чыгарылган.

Начальник
милициянын подполковниги **Сатаров Э.А.**

Атк: Муратбеков М.М.
Сот: 0779-69-69-18